| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын**
**X-кезексиз сессиясынын**
**Токтом №13/4**

2024-жылдын 5-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы кабыл алынган бюджетинин кээ бир беренелери боюнча бөлүнгөн акча каражатын башка беренелерге жылдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

**1.** Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы кабыл алынган бюджетинин беренелерге бөлүнгөн каражаттарынын ичинен төмөндөгүдөй башка беренелерге жылдырылсын:

1) АУПтун 2215 беренеси боюнча "Базар-Турук" БДРнин документациясын жазатуу үчүн бөлүнгөн акча каражатынын ичинен 100,0 миң сом, АУПтун 2215 беренеси боюнча өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга коюлган акча каражатынын ичинен 100,0 миң сом. АУПтун 2222 беренеси боюнча канц.товар алууга бөлүнгөн акча каражатынын ичинен 50,0 миң сом, Клубдан 2221 беренеси боюнча бөлүнгөн 100,0 миң сом, жалпы 350,0 миң сом акча каражаты "Кызарт-келечеги" бала бакчасынын Базар-Турук айылындагы жаңы ачылган филиалынын имаратына жылуулук системасын орнотууга жана айланасын тосууга керектүү курулуш материалдарын сатып алуу үчүн 2222 беренесине жылдырылсын;

2) АУПтун 2221 беренеси боюнча бөлүнгөн "Куйручук-Ата" булагын оңдоого бөлүнгөн 120,0 миң сом акча каражатынын 50,0 миң сому Куйручук айылына курулуучу хоккей аянтасына керектүү курулуш материалдарын алуу үчүн 3111 беренесине жана 70,0 миң сому Кара-Чий айылына электр зымдарын алууга 3112 беренесине жылдырылсын;

**2.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**